УДК: 82

Тиленбаев А. М., Сооронбаева Ч. К.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ФИЛОСОФИЯ МЕНЕН КӨРКӨМ ЧЫГАРМАНЫН ЖАЛПЫ БАЙЛАНЫШЫ

*Бул макалада жалпы адамзаттык маселелерди чечүүдө рационалдуулуктун көркөм сөз чеберчилиги аркылуу берилиши тууралуу айрым ыкмаларды колдонуу жөнүндө сөз кылынган.*

Байыркы мезгилден тартып эле адам жаратылышка, таасирдүү күчтөргө, коомго, айлана-чөйрөдөгү көрүнүш-кубулуштарга байкоо жүргүзүп, мамиледе болуу менен өзүнүн түшүнүктөрүн адабий форманын негизинде көркөм сөз каражаттары менен берип келишкен.

Айрыкча антикалык ойчулдар платондун Аристотелдин, Лукрецийдин, Эмпедоклдун көз караштары, ой-толгоолору көркөм чеберчилик менен жазылып, адабий жанрдын негизине төп келишкен. Атап айтканда, Платондун «Диалог», Аристотелдин «Риторика», “Поэтика», Лукрецийдин «Нерселердин жаратылышы тууралуу» поэмасы, Эмпедоклдун «Жаратылыш тууралуу» философиялык чыгармасы, Гераклиттин ыр түрүндө жазган поэтикалык саптарында дүйнөгө болгон көз караштарын жаратышкан. Демек, Аристотелдин сөзү менен айтканда: « … поэзия жалпылык тууралуу көбүрөөк айтат…» деген идеясы туура.

Ал эми орто кылымда, өзгөчө басым кое турган Чыгыштын залкар жылдыз акындары Омар Хайям, Алишер Навои, Саади, Рудаки, Бабур, Жами поэтикаларында философиялык мазмунга жык толгон укмуштуудай керемет саптар менен дүйнө түзүлүшү, бүгүнкү турмуш эртең кайталанбастыгы, Адам болмушу ыйык касиеттерге жык толгонун саймедирешкен.

Орто кылымдын христиандык философиясы болсо жеке диний түшүнүктөрдү эмес, турмуш чындыгына этикалык түрдө маани бергендиги менен мүнөздөлөт. Аврелий Августиндин «Керээз», Григорийдин «Чоң жарлык сөз» ж.б. чыгармалары философия менен практикалык байланышта болгон.

Андан соң Кайра Жаралуу доорунун айтып бүткүс ааламга атагы чыккан искусство чеберлеринин көркөм өнөрлөрүнөн тышкары, улуулукту, сулуулукту, сүйүүнү даңктаган Петрарка, «Той», “Монархия», “Керемет комедияны» жараткан Данте Алигьери, Лоренца Валла өңдүү мухиттер өз мезгилидеринин философ –гуманисттери катары даңкталышкан. Себеби, сүрөткерлер чыгармаларынын мазмунун философиялык идея менен жуурулуштуруп, көркөм форманы жаратышкан.

Мезгил агымы өз нугунда XVIII кылымда Вольтердин «Кандид же оптимист», сатиралык чыгармасын, Руссонун «Жаңы Элоиза» романын, Дидронун «Жээн Рамо» философиялык повести философияда оригиналдуу мүнөздү жеке чыгармачылык таланты менен айкалыштырып, дүйнөнүн сырын ачууга далалаттанышкан.

Мына ушундай багыттагы көркөм адабиятта чагылдырылган болмуш, аң-сезим, ой-жүгүртүү, диалектика тууралуу ой-түшүнүктөр рухий мейкиндиктен канчалык орун ээлегени көрүнөт. Философиялык аспектиде жалпы түшүнүктөрдү коомго жараша трансформациялап, “Адам жана дүйнө», «Адам жана коом», «Адам жана жаратылыш», «Адам жана аң-сезим, тааным, ой жүгүртүү, өнүгүү» өңдүү маселелерди көркөм формада жаратуу ыгы канчалык татаал экенин билүү милдет. Философ дүйнө же ага байланышкан суроолор үстүндө ой-туюмдарын жалпы түшүнүк менен, ал эми жазуучу конкреттүү бир образ, белгилүү окуя ченеминде билдирип келет. Көркөм сөзгө бай, адабий-эстетикалык терең сырлуу көз караштар органикалык жактан синтезделет.

Жазуучу философиялык маанини камтыган, ички рухий дүйнөнүн миң түйүнүн чечүүнүн олуттуу бир гана жолун изилдеп, бир жолго гана ык койсо, философтордун таанымында системалуу логикалык жактан жеткилең теоретикалык белгилүү бир гипотезага, категорияга, идеяга таянат. Көз караштарды чагылдыруу методунда жазуучу менен философтун аралыгын өлчөсөк, анда мындай жыйынтыкка келебиз: жазуучу конкреттүү түрдө ой толгоп, образды толугу менен ачып берсе, философ жалпы негизде түшүнүк берет. Көркөм чыгарма рухий-практикалык түрүндө көп кездешет.

Ал эми кыргыз элинин жалпы коомдук философиялык ойлору алардын рухий жашоосуна терең сиңирилип, системалуу рационалдык формада чагылдырылган. Философиялык көз караштардын философиялык эмес тексттеринде орун алышы албетте, табигый иш, ал аркылуу кыргыздын философиялык билимдери аныкталат. Океандай болгон улуу «Манас» эпосунан тартып, кенже эпос, макал – ылакап, чечендик, акынчылык, төкмөчүлүк, айтыштын бардыгы

«Асман жер ширөөсүнөн бүткөн, ортодо Киши уулу жаралганда ...» деп, бүтпөс дастан кылып айтышат. Улам убакыт алмашкан сайын, социалдык–тарыхый формация шартында коомдук аң - сезим калыптанышы менен жашоо практикасында философиялык анализ жүргүзүп, болмуш, тааным өңдүү маселелер өз көркөмдүгүн бийиктете баштаган.

Өткөн кылымдын 60-70-жылдарынын динамикалуу өсүшүндө социомаданий багытта адабий жанр маңдайы жарылган маанайлуу убакка туш болгон. Коомдук саясий процесстердин темптүү өзгөрүшү өлкө ичиндеги саясий жана маданий мүнөздүн тез калыптанышына шарт берген. Ал мезгил эски маданий көз караштарды артка таштап, жаңы адамдын жүзүн түзүүгө багытталып, айрыкча «адабий Ренессансты» жаратат. XX–кылымдын глобалдуу проблемасына айланган Адам жана табият, жаратылыш мамилеси олуттуу мааниге ээлик кылат.

Илимий–техникалык прогресстин эбегейсиз өсүш шарданы адамзаттын рухий болмушуна зор таасир этkендигинен адабий процессте психологизмден публицистикалуулукка, мифтен эстетикалык ориентацияга өткөн. Бул мезгилдин баса белгилей кетүүчү жагдайы дүйнө менен адамдын ортосундагы жаңы концепциясынын пайда болуу тенденциясы гуманисттик мааниде да, социадык-тарыхый мааниде да болгон. 60-70-жылдарда ал коомдо прозанын феномени катары роль ойногон. Жазуучулардын көтөргөн проблемалары өтө татаал кубулуш болуп саналган аң-сезим, Адам өзүн-өзү андап билүүсү, эс, тааным жана маданият болгон. Албетте, бизди кызыктырган философиялык проблемалар ачык, даана пафосто эмес, чыгармалардын түпкү тереңинен орун алган. Себеби, адабият чыгармачыл маанайда реалдуу турмуш–тиричиликти болмушту, инсан маселесин белгилүү бир чөйрөдө, абалда, мезгилде чагылдырат. Ар бир жазуучунун өзүнө тиешелүү манерасына ылайык логикалык-методологиялык ыкма менен мифологияны, динди, ишенимди, ой-жүгүртүүнү колдонот. Жазуучу өзүнүн чыгармачыл дүйнөсүндө орчундуу деген «Адам» маселесин иликтейт. Адам өзүнүн ички сезиминдеги жөндөп туруучу «Мен» ядросун таанып билгенде гана Адам катары өзүн сезип, ордун тапканга умтулат. Биз бул жерден чыгармадагы персонаж түшүнүгү менен жалпы Адам түшүнүгүн алмаштырбашыбыз керек.

Жогорудагы маалыматтардан улам төмөнкүдөй жыйынтыкка келебиз: реалдуулукту, болмушту чагылдыруунун эки формасы бар: көркөм сөз жана рационалдуу ыкмалары. Ошол эки форманын ички мазмунуна кайрылсак: болмушту, реалдуулукту туюнтуунун алгачкы жана салыштырмалуу жөнөкөй жолу, көркөм сөз ыкмасы бар, бирок «жөнөкөй» деген аныктама өтө шарттуу түрдө айтылат, себеби көркөм сөз ыкмасы – өз алдынча татаал, көп кырдуу, диалектикалык мүнөзгө ээ, салыштырмалуу жөнөкөй ыкма деген аныктама, ойду туюнтуунун түздөн-түз, тике жана жалпылыгы менен байланыштуу.

Ал эми ойду берүүнүн рационалдуу формасы – акыл аракетинин көп тепкичтүү татаалдыкты жаратат. Акыл аракетинин натыйжасы рационалдуу туюнтуунун аракетинин кийинки тепкичи болуп анын аркеттеринин системасынын курамын түзүп, татаалдыгын шарттайт.

Ойду көркөм туюнтуунун формасы – туюмду, идеяны, образды тикелей туюнтуу, ушул «тикелейлик» ойду көркөм берүүнүн «жөнөкөйлүгүнүн» көрүнүшү. Ал эми рационалдык болсо ушул «тикелейликтин» ордуна акылдын эмгегин, аракетин алмаштырып, рационалдыктын бөтөнчөлүгүн көрсөтөт.

Гносеологияда жекелик менен жалпылык категориясы канчалык айырмалуу болсо, көркөм берүү менен рационалдуу берүү ошончолук айырмалуу. Ал эми философияда айтылган эки категориялардын жекече мазмуну жана алардын байланышы алиге чейин илимдин проблемасы катары изилденип келе жатат. Андыктан көркөм түрдө жана рационалдык стилдин арасындагы проблема сын даражасындагы актуалдуу чечилиши кубулуш катары кала бермекчи.

Философ жана жазуучунун алкагы бирдей жолду басып өтүшөт: алар кубулуштун көрүнүшүнүн негизинде кубулуштун сырын чагылдырган идеяны иштеп чыгышат. Ал идеяны туюнтууга өтүшөт, бул жерден алар ача жолго түшүшөт: бири идеяны жеке адамдын , көрүнүштүн мерчеминде, чегинде жеке адамдын эмоциясы, өзүнө тиешелүү шартта мүнөзү ж.б. камтып, аралаштырып, идеянын ошол жекеликке арнап бере турган болсо, философ тескерисинче: жекече, бөтөнчөлүктөн абстракцияланып, жалпылыкка б.а., түшүнүккө айландырат, ал эми түшүнүктө маңыз камтылган.

Ошентип алар бир идеяны берип жатышса, теория да ошол идеяны бирдей түшүнсө, бирок ошол идеяны туюнтууда бирдей эмес жолду тандап алышкан.

Жазуучу окуяны идеянын «үстү» менен баратса, философ ошол идеянын «ичи» менен бара жаткан сыяктуу. Бирок ар кыл ыкманы, ар кыл жол менен берип жатышса дагы алар бир идеяны туюнтуп, жалпылыкка ээ болушат.

Акыйкатты туюнтуунун көркөм жол менен берилишинин карым катнашынын жогоруда көрсөтүлгөн сыпаттары менен гана туюнтулбайт. Алардын арасындагы катнаш берилген аныктамадан алда канча кеңири жана терең. Андыктан бул маселе ачык изилдөөнү талап кылган проблема катары кала бермекчи.

Адабияттар


1. Айтматов Ч. Т. С землею и водою: Очерки, статьи, беседы, интервью. -Ф., 1976.
2. Акмолдоева Ш.Б. Духовный мир древних кыргызов. -Б., 1998.
3. Философский энциклопедический словарь. –М.: Инфра, 1997.